тилин чет тили катары окуткан окутуучулар заманбап педагогикалык технологияларды өз ишинде кеңири колдонууга тийиш.

Колдонулган адабияттар

1. Абдразакова Г. Интерактивдүү окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек: КР УИА, 2020.
2. Мамбетова А. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун өзгөчөлүктөрү. – Бишкек: КТУ, 2022.
3. Жолдошова С. Коммуникативдик ыкмалардын тил үйрөтүүдөгү ролу. – Бишкек, 2021.
4. Richards J. C., Rodgers T. S. Approaches and Methods in Language Teaching. – 3rd ed. – Cambridge: Cambridge University Press, 2014. – 410 p.
5. Выготский Л. С. Мышление и речь. – Москва, 1982.
6. Пиаже Ж. Избранные психологические труды: Психология интеллекта. Генезис числа у ребенка. Логика и психология. – Москва: Международная педагогическая академия, 1994. – 680 с.
7. Иманалиев К. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методикасы. – Бишкек, 2021.
8. Белькова А. Е., Лесниченко Л. П. Интерактивный метод обучения на уроках русского языка как способ повышения познавательной активности учеников [Электронный ресурс] // Молодой ученый. – 2015. – № 23 (103). – С. 1068–1071. – URL: https://moluch.ru/archive/103/23947/ (дата обращения: 19.05.2020).
9. Гончаренко Н. В. РКИ для студентов-медиков: активные и интерактивные формы обучения // Русский язык за рубежом. – 2014. – № 5 (246). – С. 4–28.
10. Батраева О. М. Игровые технологии как средство активизации учебного процесса при формировании коммуникативной и социокультурной компетенций // Теория и практика образования в современном мире: материалы I Междунар. науч. конф. (Санкт-Петербург, февраль 2012 г.). – Т. 2. – Санкт-Петербург: Реноме, 2012. – С. 311–314.
11. Лебединский С. И., Гербик Л. Ф. Методика преподавания русского языка как иностранного: учебное пособие. – Минск: БГЭУ, 2011. – 309 с.
12. Тарасенко О. С. Организация интерактивного обучения в юридических вузах (пример методической разработки ролевой игры «Туристическая полиция») // Актуальные проблемы методики преподавания русского языка как иностранного: материалы II Междунар. науч.-практ. конф. – Уфа, 2016. – С. 144–149.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Сыдыкбаева М.М.

УДК 003.037
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-177-182

Мондошов Ш.Н.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Мондошов Ш.Н.
Ошский государственный педагогический университет
Mondoshov Sh.N.
Osh State Pedagogical University

ORCID 0009-0008-6310-2801

ОРФОГРАФИЯДАГЫ ТАКТООНУ ТАЛАП КЫЛГАН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОРФОГРАФИИ, ТРЕБУЮЩИЕ УТОЧНЕНИЯ
SOME ORTHOGRAPHIC ISSUES REQUIRING CLARIFICATION

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин (орфографиянын) учурдагы көйгөйлүү маселелери иликтенди. Коомубузда илим менен билим берүү заманбап технологияларга таянуу менен күн санап өнүгүүдө. Санариптештирүүнүн темпи тынымсыз өсүп, иш кагаздарын кыргыз тилинде жазуу күчөп, эне тилди жасалма интеллекттин жардамы менен окутуу актуалдуу болуп турган чакта сөздөрдүн туура айтылышын жана жазылышын камсыз кылууда орфографиянын кызматы – учурдун актуалдуу маселелеринин бири. Эл арасында сөздөр «андай айтылат, бирок мындай жазылат» деген талаш-тартыштар тынымсыз болууда. Жазуудагы каталарды, эне тилибиздеги сөздөрдүн айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарды жоюу, сабаттуу жазууга үйрөтүү үчүн орфографиядагы айрым эрежелерди тактоого милдеттүүбүз. Макалада буга карата бир топ тилчи-окумуштуулардын, илимпоздордун омоктуу ойлору ортого салынды. Алардын алфавитти оңдоо, үндөштүк мыйзамына таянуу, тыбыштар менен тамгаларды тактоо, фонетикалык түзүлүшкө ылайык эрежелерди иштеп чыгуу боюнча пикирлери эске алынды. Макаланын автору тарабынан төл жана кабыл алынган сөздөрдүн жазылышы, йоттошкон тамгалардын колдонулушу боюнча сунуштар берилди. Ырас, орфографияга таасир этүүчү тыбыш, тамга жана алфавит, үндүү жана үнсүз тыбыштардын, йоттошкон тамгалардын жазылышы, уңгу сөздөр менен сөз мүчөлөрүнүн жазылыш эрежелерине гана токтолдук. Калган бөлүмдөр боюнча ой-пикирлерди айтуу – алдыдагы иш.

Кыргыз тилинин тыбыштык системасын толук камтый турган латын алфавитине өтүү маселесин келечек көрсөтөт. Макалада айтылган ой-пикирлер, сунуштар жалпы окурмандардын талкуусуна сунушталат.

Аннотация: В данной статье рассматриваются актуальные проблемы правописания (орфографии) кыргызского языка. В современном обществе наука и образование развиваются с опорой на современные технологии. В условиях ускорения темпов цифровизации, расширения использования кыргызского языка в делопроизводстве и актуализации обучения родному языку с помощью искусственного интеллекта обеспечение правильного произношения и написания слов становится одной из актуальных задач орфографии. В обществе постоянно возникают споры о том, что слова «произносятся так, а пишутся иначе». Для устранения ошибок в письменной речи, различий между произношением и написанием слов родного языка, а также обучения грамотному письму необходимо уточнение отдельных орфографических правил. В статье представлены содержательные мнения ряда ученых-лингвистов по данной проблеме. Учтены их взгляды на совершенствование алфавита, опору на закон гармонии гласных, уточнение соотношения звуков и букв, разработку правил в соответствии с фонетической структурой языка. Автором статьи предложены некоторые положения, касающиеся написания исконных и заимствованных слов, а также употребления йотированных букв. Рассматриваются вопросы, связанные со звуками, буквами и алфавитом, написанием гласных и согласных, употреблением йотированных букв, а также правилами написания корневых слов и аффиксов. Рассмотрение остальных разделов является задачей дальнейшей работы. Перспективы перехода на латинский алфавит, способный полноценно отражать звуковую систему кыргызского языка, покажет будущее. Высказанные в статье мнения и предложения предлагаются для широкого обсуждения читателями.

Abstract: This article examines current issues related to the spelling (orthography) of the Kyrgyz language. In modern society, science and education are developing through the use of modern technologies. With the rapid pace of digitalization, the expanding use of the Kyrgyz language in official documentation, and the growing relevance of teaching the native language with the help of artificial intelligence, ensuring the correct pronunciation and spelling of words has become one of the important issues of orthography. There are ongoing debates in society about why some words are pronounced one way but written differently. In order to eliminate errors in writing and discrepancies between the pronunciation and spelling of words in the native language, as well as to promote literacy, certain orthographic rules need to be clarified. The article presents substantive views of a number of linguists on this issue. Their views on improving the alphabet, applying the law of vowel harmony, clarifying the relationship between sounds and letters, and developing rules in accordance with the phonetic structure of the language are taken into account.

The author proposes several ideas concerning the spelling of native and borrowed words and the use of iotated letters. The article focuses on issues related to sounds, letters and the alphabet, the spelling of vowels and consonants, the use of iotated letters, and the rules governing the spelling of root words and affixes. Other aspects of orthography remain a subject for further study. The future will determine the prospects for adopting a Latin-based alphabet capable of fully representing the sound system of the Kyrgyz language. The views and proposals presented in the article are offered for broader discussion among readers.

Негизги сөздөр: туура жазуу; орфография; адабий тил; тыбыш; тамга; алфавит; сабаттуулук.

Ключевые слова: правильное написание; орфография; литературный язык; звук; буква; алфавит; грамотность.

Keywords: correct spelling; orthography; literary language; sound; letter; alphabet; literacy.

Учурда адабий тилдин жазуу эрежелерине байланыштуу көйгөйлөр дагы эле бар. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн айтылышы менен жазылышынын ортосундагы айырмачылык күн санап күч алууда. Негизги көйгөйлөрдүн бири – башка тилдерге, тагыраак айтканда, орус тилине мүнөздүү болгон «айтылышы – андай, жазылышы – мындай» деген принциптин эне тилибиздин айтылышы менен жазылышына сөзмө-сөз көчүрүлүшү. Натыйжада алардын ортосундагы ажырым көбөйүп, жазуу татаалдашууда.

Белгилүү тилчи-окумуштуу, академик С. Ж. Мусаев: «Кыргыз тили – башка, өзгөчө орус тилинен кескин айырмаланып, фонема дагы, мүчөлөр дагы, уңгу сөз дагы айрым бир учурларды эске албаганда “кандай айтылса, ошондой жазылат” деген принципке таянган тил», – деп баса белгилейт [8, 124-б.].

Тилдеги айрым оош-кыйыштарды мезгил-мезгили менен түзөтүп, жазуу нормаларын тактап туруу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул ар бир тилдин жазуу эрежелери аркылуу ишке ашырылат.

Эне тилибиз 1924-жылы жазма адабий түргө ээ болгондон тартып, адегенде 1924–1928-жылдары реформаланган араб жазуусу колдонулуп, анын тамга курамы, сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн жана тыныш белгилеринин жазуу эрежелери иштелип чыгып, бир катар өзгөртүү, оңдоолорду башынан өткөргөн. Ал эми 1929–1939-жылдары эне тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган латын жазуу системасынын орфографиялык эрежелеринин негизги принциптери алгач К. Тыныстанов тарабынан иштелип чыгып, кийин К. Карасаев, И. А. Батманов тарабынан талдоодон өткөрүлгөн. Анын ар бир этабы Кыргыз Өкмөтү тарабынан мыйзамдаштырылып келген.

1940-жылы кыргыз тили кириллицага (ал «орус алфавити» деп да аталып жүрөт) өткөндөн кийин жазуу эрежелери ошол жылы, кийин 1949-жылы, андан соң 1953-жылдын 23-майында ошол кездеги Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун указы менен бекитилген. Андан кийин бул эрежелерге, демек, кыргыз тилинин жазма адабий тилинин орфографиясына 1989–1990-жылдарга чейин Кыргыз Өкмөтү көңүл бурган эмес [6, 186-б.].

1995-жылдын 7-мартында КР Өкмөтүнүн токтому менен «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин толукталган жана такталган жаңы редакциясы» кабыл алынган. Ал эми 2002-жылдын 28-июнунда КР Жогорку Кеңеши тарабынан кыргыз орфографиясынын эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Кийин кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин соңку редакциясы 2008-жылдын 16-июнунда № 567 токтом менен бекитилген.

Жазуу эрежелеринин жаңы редакцияларына байланыштуу коомчулукта аларды оңдоп-түзөө боюнча көптөгөн сунуштар айтылып келген. Автордун пикири боюнча, иштеп жаткан жазуу эрежелери жалпы коомчулукка толук сиңе элек. Мунун себептеринин бири катары орфографиянын жаңы редакциясынын жалпы коомчулуктун, тажрыйбалуу мугалимдердин, окумуштуу-усулчулардын, акын-жазуучулардын кеңири талкуусунан жетиштүү деңгээлде өтпөгөндүгү көрсөтүлөт.

1953-жылдагы орфографияда 158 эреже болсо, 2002-жылы айрым өзгөртүүлөр менен 76 эреже кабыл алынган [2, 14-б.]. Бирок адис-тилчилер, мугалимдер, журналисттер, котормочулар жана айрым жазуучулар эне тилдин жазуу эрежелерин толуктоо жана оңдоо боюнча сунуштарын оозеки да, жазуу жүзүндө да билдирип келишүүдө.

Орус тилчи-окумуштуусу, академик Л. В. Щерба: «Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү. Зор аймакты ээлеген 150 миллион орус элинин бардык өкүлү бир түрдүү сүйлөшү мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жазууга милдеттүү», – деп белгилеген [6, 186-б.].

Анын сыңарындай, өлкө калкынын бардыгы бирдей, таза жана адабий тилдин нормасында сүйлөшү мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жана сабаттуу жазуу жалпы талап болууга тийиш.

Буга жетишүүнүн жолдорунун бири – кыргыз тилинин жазуу эрежелерин кайрадан карап чыгып, мектеп окуучуларын, ЖОЖдун студенттерин, тилчи-мугалимдерди жана окумуштууларды талкууга катыштыруу, айтылган сунуштарды талдап, жазуу эрежелерин тактоо. Бул – учурдун талаптарынын бири.

Эми кыргыз тилинин жазуу эрежелерине кандай тактоолорду киргизүү керектигине токтололу. Жазуу эрежелеринин соңку (2008) редакциясын толуктап, тактап чыккан С. Ибрагимов, Н. Абдесов, А. Биялиев жана Т. Маразыков – тажрыйбалуу тилчи-окумуштуулар. Алар 1995, 2002-жылдардагы эрежелердин талаш-тартыштуу маселелерин иретке келтирип, 1953-жылдагы эрежелердин идея-мазмунун сакташкан.

Ошентсе да тактоону талап кылган маселелердин бири – кыргыз тилинин алфавити. Кандай гана графикага негизделген алфавит болбосун, ал кыргыз адабий тилинин тыбыштык түзүлүшүн толук камтып, аны так көрсөтүүсү зарыл. Кирилл графикасына негизделген алфавит бул талапка тиешелүү деңгээлде жооп бере албайт. Буга академик С. Ж. Мусаевдин кыргыз тилинин алфавити жана орфографиясы тууралуу ой-пикирлери жана сунуштары негиз боло алат. Ал азыркы кыргыз адабий тилинде 39 тыбыш эмес, 34 фонема бар экендиги, «ц», «щ» тыбыштарынын кыргыз адабий тилине тиешеси жоктугу жана алардын төл сөздөрдө кездешпестиги, тыбыштык мааниге ээ болбогон ь ичкертүү, ъ ажыратуу белгилери, йоттошкон е, ё, ю, я тамгалары, бир эле фонеманын эки башка э, е тамгалары менен берилиши сыяктуу маселелер боюнча баалуу пикирлерин билдирген [8]. Бул маселелерге көңүл буруу зарыл.

Ошондой эле кошуна мамлекеттерде жана түрк тилдүү элдерде колдонулуп жүргөн, бир мезгилде кыргыз тилинде да колдонулган латын графикасынын негизинде алфавит түзүү мүмкүнчүлүгүн илимий жактан кароо зарыл.

Экинчиси – эрежелердеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын жазылышын тартипке келтирүү. Кыргыз тилиндеги сөздөр, орус тилинен жана ал аркылуу чет тилдерден кирген сөздөр, араб, фарс тилдеринен кирген сөздөр үчүн «андай айтылат, мындай жазылат» деп эки түрдүү эреже кабыл алуу сабаттуу жазууга терс таасирин тийгизет.

Мисалы, 13-§. Ф, х, ц, щ тамгаларынын жазылышы. Бул параграф төрт пункттан турат. Анын 3-пунктунда: «Кыргыз тилинде х тамгасы хан, пахта деген сөздөрдө, ха-ха, ах, бах, төх сыяктуу сырдык же тууранды сөздөрдө гана колдонулат», – деп берилген. Мындагы хан/хаан – кыргыз-монгол сөзү, кан; пахта – иран сөзү. Бул тамга өздөштүрүлгөн сөздөрдө да, Бахрейн өлкөсү, Ага Хан фонду, Харьков шаары, хоккей сыяктуу чет сөздөрдө да кездешет [4].

Ошондой эле эрежеде «сырдык же тууранды сөздөрдө гана колдонулат» деп чектелген. Муну «төл сөздөрдүн ичинен сырдык жана тууранды сөздөрдө гана колдонулат» деп тактоо максатка ылайыктуу.

Үчүнчүдөн, дагы эле сабаттуу жазууга кедергисин тийгизүүчү маселелердин бири – йоттошкон е, ё, ю, я тамгаларынын жазылышы. Туура жазуу эрежелеринин 14, 15, 16, 17-параграфтары ушул маселеге тиешелүү. Мисалга кайрылалы. 16-§тын 3-пунктунда: «Аягы “й” тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин созулма –уу мүчөсү келген учурларда, алардын айтылышы йуу түрүндө жазылбастан: юу түрүндө жазылат: кой+уу=коюу, сой+уу=союу ж.б.», – деп берилген.

Биринчиден, кыргыз тилинде созулма –уу мүчө деген жок, бул – этиштин өзгөчө формасы болгон кыймыл атоочту уюштуруучу –уу мүчөсү; экинчиден, «й» тыбышынан кийин келсе, мүчөнүн биринчи тамгасы йоттошуп жазылат дегени да ойлоно турган маселе. Мындай ашыкча эрежелерден арылуунун төмөнкүдөй жолдорун сунуштайын:

1. Кыргыз тилинде аягы «й» тыбышы менен бүткөн уңгу сөздөргө ичке –е/э, жоон –а, –о, –у жана созулма –оо, –уу сыяктуу кыймыл атоочту уюштуруучу форма жасоочу мүчөлөр уланса, йоттоштурулбай жазылат.

2. Орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр орус тилинин орфографиясына негизделип жазылат.

Кыскасы, кыргыздын төл сөздөрүн йоттоштурбай эле, кандай айтылса, ошондой жазууга уруксат беришибиз керек.

Муну менен төмөнкүдөй сабаттуулукка жетишебиз:

– тыбыш менен тамганын саны дал келет, фонетикалык талдоодо кыйынчылык жаралбайт;

– бир сөз ичинде йоттошкон тамгаларды катар жазуудагы кыйынчылыктан кутулат (коёюн, тоёюн);

– мүчө уланбаган уңгу сөздөрдү йоттоштуруп жазуунун кажети жок: аюу – айуу, коён – койон;

– муундарга туура ажыратабыз, демек ташымалдап жазууга болот: бо-йок, та-йак;

– сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө туура ажыратууда ката кетирбейт: кой+о+т, сай+а+т ж.б.

Туура жазуу эрежелеринде тартипке келтирүүчү дагы бир маселе – сөз мүчөлөрүнүн жазылышы.

37-§ды карап көрөлү. «Аягы м, п тыбыштары менен бүткөн этиш сөздөргө чакчыл –ып мүчөсү жалганганда, уңгу да, мүчө да тыбыштык жактан өзгөрүп, созулуп айтылгандыктан, андай сөздөр угулушу боюнча жазылат: эм+ып=ээмп, сеп+ып=сээп, өп+ып=өөп, чап+ып=чаап ж.б.» Бул эреже сөздүн аягы «п» тыбышы менен бүткөн этиш сөздөргө туура келет. Ал эми «м» тыбышы менен бүткөн сөзгө уланса: эм+ып=ээмп, көм+ып=көөмп, жум+ып=жуумп, там+ып=таамп формасында жазылат дегени ыңгайсыздыкты жаратат. Окуучубу, студентпи, кимибиз болбойлу, ката кетиришибиз мүмкүн.

К. Карасаевдин «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүндө»: жум: жумуп, жуумп, жумуп – ачып [5, 197-б.], көм: көөмп, көмүп [5, 288-б.] деп эки вариантта жазылышына жол берилген.

Ал эми 41-параграфтагы эреже тактоону талап кылат: күчөтмө маанидеги кап-, көп-, кып-, кип-, күп-, жеп-, чоп-, оп-, ып-, жап-, беп- ж. б. у. с. формалар негизги сөз менен бирге жазылат: капкара, капкайдан, капкачан, күпкүндүз, кипкичине, бепбекер, көпкөк, жепжеңил, чопчоң, опоңой, аппак, жыпжылуу, мупмуздак, ыпысык, жапжалгыз. Ошондой эле тепедентең, тепетең, тападантак, тапатак, чападанчак, чапачак деген сөздөр да бирге жазылат [5, 16-б.]. Кыргыз тилинде ушундай формалар барбы? Бул – кыргыз тилиндеги сын атоочтун күчөтмө даражасынын жасалышынын бир жолу. Буга карата окумуштуулардын пикирлерине токтололу.

Тилчи-методист С. Үсөналиев өзүнүн «Морфологияны жана орфографияны окутуу» (1985) деген эмгегинде: «15. Биринчи компоненти п, м, с тыбыштары менен аяктап, өз алдынча турганда эч кандай маани бербеген, экинчи сөзү маани берген же бербеген күчөтмө сын атоочтор бирге жазылат: кыпкызыл, сапсары, көпкөк, сопсонун, жымжырт, тымтырс» [7, 103-б.].

Ал эми профессор И. Абдувалиев күчөтмө даражанын уюшулушун «Азыркы кыргыз тили. Морфология» (2015) деген илимий китебинде: «Сын атооч сөздөрүнүн биринчи муунунун өзгөрүп, кайталанып айтылышы аркылуу: кыпкызыл, кыпкыска, жапжашыл, таптаттуу, бопбош, супсулуу, сапсары, жупжумшак, жапжакшы, капкара ж. б. Мисалы: Жүрөктө турду жаңырып, ыпысык сүйүү обону. (С. Тургунбаев)», – деп иликтейт [1, 122–123-бб.].

Кыргыз тилинин морфология бөлүмүнө зор салым кошкон илимпоз С. Давлетов С. Кудайбергенов менен бирге жазган «Азыркы кыргыз тили. Морфология» (1980) деген эмгегинде күчөтмө даража төмөнкү жолдор менен жасаларын: «Толук формадагы сын атоочко анын башкы муунунан кыскартылып алынган формасына [п] тыбышын кошуу аркылуу бирге айтуу менен: кыпкызыл (толук формасы – кызыл, башкы муунунан кыскартылып алынган формасы – кы; [п] тыбышы – толук форма менен кыскартылган форманы данакерлеп (бириктирип) туруучу элемент, сапсары, жапжашыл, топтолук, аппак, апаппак ж.б.», – деп түшүндүрүп, андан ары күчөтмө даражанын жасалышындагы үч айырмачылыкты көрсөтөт.

а) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үндүү менен аяктаса, ал муун тыбыштык түзүлүшүн толук сактайт, анын ордуна данакерлөөчү [п] тыбышы кошулат: ка-ра – капкара, жа-рык – жапжарык, жа-пыз – жапжапыз, жа-ңы – жапжаңы, же-ңил – жепжеңил.

б) Толук формадагы сын атоочтун башкы мууну үнсүз менен аяктаса, ал үнсүз түшүп калат да, анын ордуна данакерлөөчү [п] тыбышы колдонулат: тат-туу – таптаттуу, тек-ши – тептекши, бөк-сө – бөпбөксө, жыл-ма – жыпжылма.

в) Үнсүз менен аяктаган бир муундуу сын атоочтор кыскарган формада кайталаныш үчүн үнсүз тыбышын данакерлөөчү [п] тыбышы менен алмаштырат: көк – көпкөк, түз – түптүз, тик – типтик [3, 107-б.].

Демек, бул эрежени да С. Давлетовдун пикирине таянуу менен тактоо керек. Албетте, туура жазуу эрежелериндеги татаал сөздөрдүн, энчилүү аттардын, өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазылышы, ташымалдоо жана дефис белгисинин коюлушу сыяктуу эрежелерди да кыргыз тилинин өзүнүн табиятына ылайыктап, фонетикалык түзүлүшүнө ылайык алфавит түзүп, жазуу эрежелерин тактап, кайра карап чыгуу – бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири.

Чындыгында, алфавит жана орфография маселелерин иретке келтирүү оңой-олтоң иш эмес. Бул боюнча илимпоздордон жана практик мугалимдерден атайын комиссия түзүү зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Бишкек, 2015.
2. ALATOO ACADEMIC STUDIES: эл аралык илимий журнал. – Бишкек, 2016. – № 4.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Фрунзе : Мектеп, 1980.
4. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (соңку редакциясы). – Бишкек, 2013.
5. Карасаев К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2015.
6. Оруздаева Б. О. Кыргыз тил илими: макалалар жыйнагы. – II том. – Бишкек, 2004.
7. Үсөналиев С. Морфологияны жана орфографияны окутуу. – Фрунзе, 1985.
8. Чыманов Ж. Академик Сыртбай Жолдошович Мусаев: очерк. – Бишкек, 2023.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Танаева Н.Ш.

УДК :371.21:371, 4 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-182-188

Мурзаев Н.Т.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Мурзаев Н.Т.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Murzaev N. T.
Kyrgyz State University I. Arabaev

ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МЕНЕН ОЙЛОНУУСУНУН НЕГИЗИ ЖАНА АНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН, ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МААНИ-МАҢЫЗЫ
ОСНОВЫ ТВОРЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩЕГОСЯ И СУЩНОСТЬ ЕГО ФОРМИРОВАНИЯ И СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ
FOUNDATIONS OF STUDENTS' CREATIVE THINKING AND THE ESSENCE OF ITS FORMATION AND DEVELOPMENT

Кыскача мүнөздөмө: Чыгармачылыктын табияты татаал, кызыктуу жана табышмактуу. Аны философтор, психологдор, тарыхчылар, физиологдор, педагогдор өздөрүнүн илим тармактарынын